Билим берүү сапатын баалоо жана маалымат технологияларынын улуттук борбору
КР ББИМ

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

**(окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)**

## 10-класс №4 вариант

**№1. Татаал сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
***Быйыл жаз эрте келгендиктен, жазгы талаа жумуштары да эрте башталды.***
а) себеп багыныңкы сүйлөм б) мезгил багыныңкы сүйлөм
в) орун багыныңкы сүйлөм г) максат багыныңкы сүйлөм

**№2. Сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
***Айжамал сабактан кечикпесин деп, энеси эрте турган эле.***
а) себеп багыныңкы байланыштагы б) мезгил багыныңкы байланыштагы
в) орун багыныңкы байланыштагы г) максат багыныңкы байланыштагы

**№3. Багыныңкы сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
***Алтын кайдан чыкса, ошол жерди каз.***
а) Сыпат багыныңкы сүйлөм б) Орун багыныңкы сүйлөм
в) Шарттуу багыныңкы сүйлөм г) Карама-каршы багыныңкы сүйлөм

**№4. Багыныңкы сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
***Улууну сыйласаң, кичүүдөн сый көрөсүң.***
а) Сыпат багыныңкы сүйлөм б) Себеп багыныңкы сүйлөм
в) Шарттуу багыныңкы сүйлөм г) Карама-каршы багыныңкы сүйлөм

**№5. Шарттуу багыныңкы сүйлөмдү белгиле.**
а) Сен эрте турсаң, кечикпей барабыз. б) Сен эрте турдуң, кечикпей бардык.
в) Сен эрте турганда, кечикпей барганбыз. г) Сен эрте турсаң да, кечигип бардык.

**№6. Татаал сүйлөмдү белгиле.**
а) Бермет, бүгүн шамал болот экен. б) Шамал болду, бутактар сынды.
в) Ай-иий, шамалдан коркосуңбу? г) Мына, бул бутактар да сыныптыр.

**№7. Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдү белгиле.**
а) Эсимде жок деп баары айтат, ал эми акылым жок деп ким айтат.
б) Буту жок – жүрөт, тили жок – сүйлөйт.
в) Кечээ сууга барсам, баягы Майрам алдыман чыга калса болобу?
г) Мен сага он экиде чалам, көчөгө тез чык.

**№8. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү белгиле.**
а) Эми ал адам эмес, эс-акылынан айрылган кул да.
б) Кыздын атасы чыгып карады да, кайра кирип жатты.
в) Муздак суу тийгенде, тиштерим зыркырап кетти.
г) Мен да келем, иштер да бүтөт, баары ойдогудай болот.

**№9. Бир тутумдуу сүйлөмдү белгиле.**
а) Күзүндө буудай бышат. б) Күзүбүз келе жатат.
в) Күздө эгин жыйналат. г) Күзүндөгүгө калды.

**№10. Толук сүйлөмдү белгиле.**
а) Мугалим болуу ардактуу бирок. б) Алар келишкени менен.
в) Окуучулар катарга тизилишти. г) Эң коркоктор турбайбы.

**Тесттин аягы!**

# Кыргыз тили (окутуу башка тилде жүргүзүлгөн мектептер үчүн) боюнча тесттерди баалоо критерийлери

Кыргыз тили (окутуу башка тилде жүргүзүлгөн мектептер үчүн) боюнча 5-11-класстар үчүн түзүлгөн тесттин негизги милдети окуучулардын аралыктан өздөштүргөн билимин жана учурдагы жетишкендиктерин баалоо болуп саналат.

1. 5-11-класстын окуучулары үчүн түзүлгөн тест – ***“берилген 4 варианттын ичинен 1 гана туура жоопту тандоо”*** форматындагы 10 тапшырмадан турат.
2. Тест <u>орто кыйындыктагы</u> тапшырмаларды камтыйт.
3. Ар бир туура аткарылган тапшырма 1 балл менен бааланат.
4. Жалпы тестке максималдуу 10 балл берилет.
5. **Бардыгы: 10 тест тапшырма – 10 балл.**
6. Алган баллдарды 5 баллдык тутумга которуу шкаласы төмөндөгүдөй :

| | **Балл** | **Баа** |
|---|---|---|
| | 3 баллдан аз | "2" |
| | 4-5 балл | "3" |
| | 6-7 балл | "4" |
| | 8-10 балл | "5" |